Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору Омурова Жамыйкат Орозбековнанын изденүүчү Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин «Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсү (1991 – 2010-жж.)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## КОРУТУНДУ

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Каралып жаткан диссертацияда эгемен Кыргыз Республикасынын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүнө жана өзгөртүүлөрүнө тарыхый анализ берилген. Иш жергиликтүү илимий адабияттар жана архивдик булактарга таянып анализденген. Бул маселе 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий өнүгүүсүнүн тарыхын изилдөө актуалдуу темалардын бири катары караса болот. Андыктан XX к. аягындагы Кыргыз Республикасынын жаңы саясий системаны калыптанышынын оң жана терс таасирин изилдеп жана ага анализ берүү азыркы мезгилге чейин тарыхчылар, саясат таанучулар ж.б. тарабынан так илимий баа бериле элек.

Ошону менен катар Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн 1991-2005-ж. Акаевдин президенntик мөөнөтүндөгү мезгили, Аксы окуясы Кыргызстандын тарыхында кара тактар менен жазылып калат. Ал эми 2005-2010-ж. Бакиевдин мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык кырдаалга анализ берүү олуттуу. Эки президенттик бийликтин күчтөнүшү, мамлекетти башкарууда бийлик укуктары бир адамдын колуна топтолушу, кадр саясатындагы одоно кемчиликтер, үй-бүлөлүк, кландык башкаруу коомчулуктун нараазычылыгынын пайда болушу менен коштолгон. Анын натыйжасында элдик толкундоолор келип чыккандыгы тарыхый чындык. Ошондуктан учурдагы мамлекет башчыларыбыз алардын кылган кемчиликтерин кайталообосу зарыл экендиги маанилүү маселе бойдон калууда.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Каралып жаткан дисертациялык иште Кыргыз Республикасынын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүнө жана өзгөртүүлөрүнө тарыхый анализ

берилген. Изилдөөнүн далилдүү илимий жыйынтыктары илимий адабияттар менен архивдик тарыхый булактарга таянат.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда Кыргыз Республикасынын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүнө изилдөөдө илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде ынанымдуу жана далилдүү материалдар менен бышыктаган.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

**1-жыйынтык.** Диссертант 1991-2010-жылдардагы Кыргызстандын саясий тарыхын өз алдынча анализдеп, илимий эмгектерди жана маалыматтарды, архивдик документтерди изилдөө аркылуу теманын актуалдуулугун, илимий жаңычылдыгын, практикалык маанисин, коргоого алып чыгуучу жобо, изилдөөнүн хронологиялык алкагы белгиленген (Киришүү).

**2-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын 1991-жылы 31-августта көз карандылыкка ээ болушунун натыйжасында өлкөдө жаңы президенттик башкаруунун киргизилиши, улуттук мамлекетти түптөөдөгү саясий, экономикалык, социалдык-маданий өзгөрүүлөр каралган;

**3-жыйынтык.** Коомдогу демократиянын таасири менен түзүлгөн алгачкы саясий партиялардын мамлекеттик башкарууга аралашууда Жогорку Кеңештин депутаттыгына катышуусуна анализ берген;

**4-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы, Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот жана өзүн-өзү башкаруу бийлик бутактарынын кайрадан түзүлүшү иликтенген;

**5-жыйынтык.** Президенттик бийликтин күчтөнүшү, мамлекетти башкарууда бийлик укуктары бир адамдын колуна топтолушу, кадр саясатындагы одоно кемчиликтер, үй-бүлөлүк башкаруу коомчулуктун нараазычылыгынын пайда болушу талдоого алынган;

**6-жыйынтык.** Өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы нараазычылыктардын күчөшү, карапайым элдин бийликке болгон ишениминин кетиши. Март (2005-ж.) окуясынын себептери, өзгөчөлүктөрү анализге алынган;

**6. Диссертациянын илимий практикалык маанисин ачууда, изилддөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин «Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсү (1991 – 2010-жж.)» деген темадагы диссертациясынын кол жазмасы – Кыргыз Республикасынын (Бишкек) архивинен табылган маалыматтарды илимий айлампага киргизүү аркылуу жана илимий адабияттар менен негизделген. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу

маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу жетүүгө аракет жасалган.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациядагы маалыматтарды, жыйынтыктарды жана сунуштарды Кыргызстандын эгемендүү мезгилиндеги тарыхый илимий изилдөөлөрдө, саясий, экономикалык-социалдык ж.б. долбоорлордо колдонууга сунуштаса болот.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертанттын изилденген маселе боюнча 10 макаласы жарыкка чыккан, анын ичинен чет өлкөдө жарыкка чыккан 3 илимий изилдөөдө чагылдырылган.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз, орус) даярдалган автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет жана диссертацияда максаты менен милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар бар. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Диссертациянын жогорудагы жетишкендиктери менен бирге бир катар кемчиликтери бар:

1. Диссертациялык иш ЖАКтын талабына туура келиши зарыл (150 б.), ага жетпейт болгону адабият тизмесинен тышкары 133 бет. Колдонулган булактар жана адабият тизмесин талапка ылайык жазуу керек;
2. Диссертациялык иштин темасындагы хронологиялык алкак (1991-2010-жж.) деп берилген. Бирок, диссертациялык иште 2005-жылдагы март окуясына анализ берүү аракети болуп, 2010-жылдагы апрель окуясы берилген эмес. Бакиев мезгилиндеги саясий, экономикалык кризистер боюнча салыштырма анализ берүү керек;
3. Киришүү боюнча - актуалдуулугун абдан дыкат жазуу зарыл. Максат милдеттерин тактоо керек. Илимий жаңылыгы начар берилген, коргоого алып чыгуучу корутундусу да изилденип жаткан иштин мазмунуна туура келбейт;
4. Изилдөөнүн 1-главасында тарыхнаама боюнча анализ начар, системага салуу зарыл. Мындай тариздеги изилдөөлөргө: Д. Фадеевдин, Г. Горшковдун, М. Агаевдин, А. Улюкаевдин эмгектерин кошууга болот. Ал эми, В. Олещуктун, К. Орлованын изилдөөлөрү Россия Федерациясындагы саясий партиялардын калыптануу процессин, алардын өлкөнүн саясий турмушундагы ролун иликтөөгө арналган (9 бет); Ж.Назаралиевдин ж.б. (21 бет). Бул адабияттарды кошуунун кандай зарылчылыгы бар, айрыкча орус окумуштууларынын эмгектерине Кыргызстандын эгемен мезгилинде эмнесин изилдегени тууралуу негиздүү анализ жазуу керек;

5. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн мезгилдүү басма беттеринде сүрөттөлүшү (1.2. параграф) туура эмес берилген, илимий макалалар сыяктуу берилсе туура болмок; Кыргызстандын постсоветтик мезгилдеги тарыхнаамасында "1991-2010-жж. Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнө" карата көлөмдүү эмгектерден тарта, ири макалар (илимий жана популярдык мүнөздөгү), интервьюлар, тегерек стол талкуулары ж.б. формадагы маалыматтар жарык көргөн. (32 бет) Ушундай мааниде жазылган, системага салуу зарыл;

**6.** Учурда илимпоздор арасында изилдөөгө алынган маселе боюнча бир жактуу пикир жок (3-бет). Эки элдик толкундоону револцюия же саясий төңкөрүшпү, кандай илимий баага же концепцияга токтолдунар? Республикада көп партиялуу системанын калыптанышы жана анын өлкөнүн саясий өнүгүүсүндөгү орду. Кыргызстандын кайсыл округдан кандай шайланган, ар бир партия боюнча маалымат керек, таблица аркылуу берилсе туура болмок;

7. Өлкөнүн коомдук-саясий өнүгүсүндөгү терс көрүнүштөрдүн тереңдеши жана бийлик кризиси (4.1.) параграфта. Экономикалык реформалардын натыйжасында 1996-жылы Кыргызстан өлкөнүн экономикасынын негизги көрсөткүчтөрү боюнча (ВВП, улуттук киреше) 1970-жылдын деңгээлине түшүп калган, б.а. 25 жылга артка кеткен(109 б). Эмне үчүн 2005, 2010-ж. боюнча салыштыруу жок; Корутунду 127-133 б. 12 пункт менен берилген, диссертациялык иштин мазмунуна, коюлган милтет жана максатына туура келбейт. Кайрадан оңдоп анализдеп кароо сунушталды.

**11.** Диссертациялык кеңештин эксперти, Омурова Жамыйкат Орозбековна сунуш кылынган документтерди жана диссертацияны карап чыгып, Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин «Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсү (1991 – 2010-жж.)» деген темадагы кол жазмасын жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөргө карабастан өз алдынча жазылган илимий эмгек. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана диссертациялык ишти ачык коргоого сунуш кылат.

Эксперт,
тарых илимдеринин доктору — Омурова Ж.О.

Расмий оппоненттин колун тастыктаймын

МААЛЫМКАТ ҮЧҮН / ДЛЯ СПРАВОК

19.03.2025-ж.

Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т. и.д. — Карыева А.К.